Бекитемин:
Болот Бейшеналиев атындагы
Калмак Ашуу орто мектебинин
директору Ж.С.Канкулиев ________

# Болот Бейшеналиев атындагы Калмак -Ашуу орто мектеби

## Тил усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата иш-планы

Милдеттер:

1. Дептерлерди эрежеге ылайык Сапаттуу билим талап кылгандай текшерүү;
2. Предметтик мугалим ар бир сабакта калыптандыруучу баалоону колдонуу;
3. Окуучулардын китеп окуусуна кызыктыруу.

Тил усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн иш- планы

Көйгөйлүү маселе : «Сабактарда ТСО ну колдонуу менен сабак өтүү, окуучулардын кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму;<br><br>1. 2017-2018-окуу жылына анализ<br><br>2.Уюштуруу иштери боюнча окуу өндүрүшүк пландарын иштеп чыгуу, талкулоо<br><br>3. Начар окуган жана зээндүү окуучулар менен иштөө | Август<br><br>Сентябрь | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү<br><br>МС иш-планы бекитилет | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Бирикменин мүчөлөрү, предметтик мугалимдер |
| 2. | 1.Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган «Эң мыкты эссе», «Эң мыкты поэзия» сынагы<br><br>2.23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү. «Улут болсом тилим менен улутмун» (1 айлык)<br><br>3.Ачык тарбия саат «Эне тилим эне сүтүм» 5-класс | | Сынак жүргүзүлөт<br><br>Тилдин улуулугун билүү, сактоого тарбиялоо<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Предметтик мугалимдер<br><br>С.Бакирова |
| 1 | 1.Класс кабинеттеги көрсөтмө куралдарды толуктоо<br><br>«Мамлекеттик тилдин келечеги жаштарда» (дил баян,эссе,альбом, буклет)<br><br>2.УБ нын кеңешмесинин отуруму; 1-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө<br><br>1.Мамлекеттик тил күнүнө карата уюшулган бир айлыкты анализдөө<br><br>2. Мектеп аралык олимпиада<br><br>3. «Өнөр алды кызыл тил» деген темада жомок, эмгек ырлары | Октябрь<br><br>Октябрь<br><br>Ноябрь | Көрсөтмө куралдарды жаңыртуу, толуктоо<br><br>Сынак өткөрүлөт, жыйынтык чыгарылат<br><br>Талкулоо<br><br>Райондук олимпиадага даярдоо | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалимдер |

Тил усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн
иш- планы

Көйгөйлүү маселе : «Сабактарда ТСО ну колдонуу менен сабак өтүү, окуучулардын кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму;<br><br>1. 2017-2018-окуу жылына анализ<br><br>2.Уюштуруу иштери боюнча окуу өндүрүшүк пландарын иштеп чыгуу, талкулоо<br><br>3. Начар окуган жана зээндүү окуучулар менен иштөө | Август<br><br><br><br><br><br><br>Сентябрь | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү<br><br>МС иш-планы бекитилет | Бирикменин мүчөлөрү<br><br><br><br><br><br><br>Бирикменин мүчөлөрү, предметтик мугалимдер |
| 2. | 1.Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган «Эң мыкты эссе», «Эң мыкты поэзия» сынагы<br><br>2.23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү. «Улут болсом тилим менен улутмун» (1 айлык)<br><br>3.Ачык тарбия саат «Эне тилим эне сүтүм» 5-класс | | Сынак жүргүзүлөт<br><br>Тилдин улуулугун билүү, сактоого тарбиялоо<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | <br><br>Предметтик мугалимдер<br><br>С.Бакирова |
| 1 | 1.Класс кабинеттеги көрсөтмө куралдарды толуктоо<br><br>«Мамлекеттик тилдин келечеги жаштарда» (дил баян,эссе,альбом, буклет)<br><br>2.УБ нын кеңешмесинин отуруму; 1-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө<br><br>1.Мамлекеттик тил күнүнө карата уюшулган бир айлыкты анализдөө<br><br>2. Мектеп аралык олимпиада<br><br>3. «Өнөр алды кызыл тил» деген темада жомок, эмгек ырлары | Октябрь<br><br>Октябрь<br><br><br>Ноябрь | Көрсөтмө куралдарды жаңыртуу, толуктоо<br><br>Сынак өткөрүлөт, жыйынтык чыгарылат<br><br><br>Талкулоо<br><br>Райондук олимпиадага даярдоо | Предметтик мугалимдер<br><br><br><br><br>Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалимдер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1.Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата « Өткөндү эстеп , келечекти күтө билгендигибиз үчүн биз барбыз» деген темада жумалык декада<br><br>2.Бирикменин кеңешмесинин отуруму, 2-чейректе өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу | Декабрь | Он күндүк декада өтүлөт. Жазуучуну эскеришет<br><br>Талкуу жүргүзүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | 1.Олимпиаданын 1-туру боюнча анализ чыгаруу<br><br>2. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата анализ<br><br>3. Ачык саат 6- класс орус тили «Где ты был?» | Январь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Н.Тулебердиева |
| 1 | 1.21-февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» көркөм окуу сынагы<br><br>2. «Кыргыз тили кылымдарды карыткан эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» 3-11 –класстар (улуттук каада-салттарды чагылдыруу)<br>3. 2. «Ырдайлы кыргыз ырларын» сынагы | Февраль | Көркөм окуу сынагы өтөт<br><br>Сынак өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер<br><br>С.Бакирова |
| 1 | 1.Ачык саат 5-класс англис тили «House hold objects» | Февраль | Көргөзмөлүү ачык сабак | Д.Доктурбекова |
| 1<br><br>1. | 1.«Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымым» сабак-викторина<br><br>1. УБ кеңешмеси<br><br>2. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>3. Жыл боюу иштелген иштердин жыйынтыгы | Апрель<br><br>Май | Билим деңгээлин текшерүү<br><br>Протокол жазылат , чечим чыгат Экзаменге даярдоо | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |

УБ жетекчиси: А.Шарипканова

Бекитемин:
Мектеп директору
Ж.С. Канкулиев

Тил усулдук бирикмесинин 2017-2018-окуу жылына карата түзүлгөн
иш планы

Көйгөйлүү маселе : «Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму; | Август | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 1. 2016-2017-окуу жылына анализ | | МС иш-планы бекитилет | |
| | 2.Уюштуруу иштери боюнча окуу өндүрүшүк пландарын иштеп чыгуу, талкулоо | | | |
| | 3. Ар кандай маселелер | | | |
| 1. | 1.23-сентябрь -Мамлекеттик тил күнү . Жумалык | Сентябрь | Мамлекеттик тилдин 28 жылдык маарекесине 10 күндүк жарыяланат. План түзүлүп, иш-чара өтүлөт | Предметтик мугалимдер |
| 1. | 1.Класс кабинеттеги көрсөтмө куралдарды толуктоо | Октябрь | Көрсөтмө куралдарды жаңыртуу, толуктоо | |
| | 2. Ачык тарбия сабак 7-класс « Кыргыздын чолпон жылдызы-Алыкул Осмонов» | | Көргөзмөлүү ачык сабак | Н.Умарбаева |
| 1 | 2.УБ нын кеңешмесинин отуруму; 1-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө | Ноябрь | Талкулоо | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 1.Мамлекеттик тилдин 28 жылгыгына карата иш-чаранын анализи | | Райондук олимпиадага даярдоо | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 2. Мектеп аралык олимпиада | | Райондук олимпиадага даярдоо | Предметтик мугалимдер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1.Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата окуучулардын конференциясы : «Ааламга аты чыккан Ч.Айтматов», «Тарыхта аты калган адамдар» класстык сааттар<br><br>2.Бирикменин кеңешмесинин отуруму, 2-чейректе өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу | Декабрь | Окуучулардын конференциясы, Ч.Айтматов, тарыхта аты калган адамдар жөнүндө ар тараптуу маалымат жеткирүү<br><br>Талкуу жүргүзүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | 1.Олимпиаданын 1-туру боюнча анализ чыгаруу<br><br>2. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата анализ<br><br>3. Ачык саат 6- класс англис тили « School rules» | Январь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Д.Доктурбекова |
| 1 | 1.21-февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» көркөм окуу сынагы<br><br>2.Орус тили жана адабияты сабактарынын декадасы<br>3. «Кыз-жигит» сармерденин өткөрүү | Февраль | Көркөм окуу сынагы өтөт<br><br>Декада өткөрүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер<br><br>Н.К.Умарбаева |
| 1 | 1.Англис тили сабагынын декадасы<br><br>2. Англис тили«Америкага саякат» сынагы<br>3. «Кыз-жигит» сармерденин өткөрүү | Февраль | Декада өткөрүү<br><br>Сынагын өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу | Предметтик мугалим<br><br>К.Кожомкулова<br>Н.Умарбаева |
| 1<br><br>1. | Калыптандыруучу баалоо баалоо тууралуу семинар<br><br>1. 21-февраль- Эне тил күнүнө , «Кыз-жигит» сармерденине анализ<br>2. Ачык саатарга анализ<br><br>3. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>4. Жыл бою иштелген иштердин жыйынтыгы | Март<br><br>Апрель<br><br>Май | Семинар өтүлөт<br><br>Талкуу жүргүзүү<br><br>Экзаменге даярдоо | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |

УБ жетекчиси: Н.К. Умарбаева

Бекитемин:
Мектеп директору:
А.Ш.Чарыкпаева

Тил усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата түзүлгөн
иш планы

Көйгөйлүү маселе : «Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму;<br><br>1. 2018-2019-окуу жылына анализ<br><br>2.Уюштуруу иштери боюнча окуу өндүрүшүк пландарын иштеп чыгуу, талкулоо<br><br>3. Ар кандай маселелер | Август | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү<br><br>МС иш-планы бекитилет | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |
| 1. | 1.23-сентябрь -Мамлекеттик тил күнү карата декада, иш-чаралар<br><br>2.Старттык текшерүү иштерди, тесттерди алуу | Сентябрь<br><br>Сентябрь | Декада жарыяланат. План түзүлүп, иш-чара өтүлөт<br><br>Окуучулардын билим сапаты текшерилет | Предметтик мугалимдер |
| 1. | 1.Класс кабинеттеги көрсөтмө куралдарды толуктоо<br><br>2.Ачык сабак 6- класс Кыргыз тили «Тексттин татаал планын түзүү» | Октябрь | Көрсөтмө куралдарды жаңыртуу, толуктоо<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Предметтик мугалимдер<br><br>С.Бакирова |
| 1 | 1.УБ нын кеңешмесинин отуруму; 1-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө<br><br>2.Мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чаранын анализи<br><br>3. Мектеп аралык олимпиада | Ноябрь | Талкулоо<br><br>Талкуу жүргүзүү<br><br>Райондук олимпиадага даярдоо | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалимдер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1.Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата иш-чара өткөрүү<br><br>2.Бирикменин кеңешмесинин отуруму, 2-чейректе өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу | Декабрь | Ч.Айтматов жөнүндө ар тараптуу маалымат жеткирүү<br><br>Талкуу жүргүзүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | 1.Олимпиаданын 1-туру боюнча анализ чыгаруу<br><br>2. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата анализ | Январь | Талкуу жүргүзүү | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | 1.21-февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» көркөм окуу сынагы<br><br>2.Орус тили жана адабияты сабактарынын декадасы<br><br>3. Ачык сабак | Февраль | Көркөм окуу сынагы өтөт<br><br>Декада өткөрүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер |
| 1 | 1.Англис тили сабагынын декадасы<br><br>2. Ачык сабак 4-класс англис тили | Февраль | Декада өткөрүү<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Предметтик мугалим<br><br>Абсалбек к. Алина |
| 1<br><br>1. | 1. 21-февраль- Эне тил күнүнө анализ<br>2. Ачык саатарга анализ<br><br>2. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>3. Жыл бою иштелген иштердин жыйынтыгы | Март<br><br>Апрель<br><br>Май | Семинар өтүлөт<br><br>Талкуу жүргүзүү<br><br>Экзаменге даярдоо | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |

УБ жетекчиси: Н.К. Умарбаева

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1. 21-февраль- Эне тил күнүнө анализ<br><br>2. Ачык саатарга анализ | апрель | Талкуу жүргүзүү | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1<br><br>1. | 1. 4- чейректин жыйынтыгы<br><br>2. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>3. Жыл бою иштелген иштердин жыйынтыгы | Май<br><br>июнь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Экзаменге даярдоо | Предметтик мугалимдер |

УБ жетекчиси: Н.К. Умарбаева

Бекитемин:
Мектеп директору
А.Ш. Чарыкова

Тил усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы

Көйгөйлүү маселе : «Инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүү, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1. 1- Кеңешме<br>2020-2021-окуу жылына карата усулдук бирименин планын бекитүү<br><br>2.Саатарды бөлүштүрүү<br><br>3. Онлайн окутуунун методикаларын үйрөнүү | Август | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү<br><br>МС иш-планы бекитилет | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалим |
| 1. | 1.КР мамлекеттик тил күнүн өткөрүү.<br>Кыргыз тили декадасы | Сентябрь | План түзүлүп, иш-чара өтүлөт | Бирикменин мүчөлөрү<br>Предметтик мугалимдер |
| 1. | 1. 2-кеңешме<br>1-чейректин жыйынтыгы.<br>Мониторинг түзүү<br><br>2. Өз ара метод алмашуу | Ноябрь<br><br>Декабрь | | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер |
| 1 | 1.УБ нын кеңешмесинин отуруму;<br>2-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө | Январь | Талкулоо | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1. | 1. Кыргыз тили жана адабияты , орус тили, англис тили сабактарына катышуу<br><br>2. Ачык сабак<br><br>3.21-февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» сынагы<br><br>Ачык сабак орус тили | Февраль<br><br>февраль<br><br><br><br>Март | <br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак<br><br>Сынак өткөрүү<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Ж.Жапарова<br><br><br><br>Н.Тулебердиева |

Бекитемин:
Мектеп директору
Н.К.Умарбаева

Тил усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы

Көйгөйлүү маселе : «Окуучулардын билим сапатын көтөрүү, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу»

| № | Өтүлүүчү иштин мазмуну | Өтүү мөөнөтү | Өтүлүүчү иштин максаты | Жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1. 1- Кеңешме<br>2021-2022-окуу жылына карата усулдук бирименин планын бекитүү<br>Билим берүүнүн жаңы стандартына ылайык календардык пландарды бекитүү<br><br>2.Саатарды бөлүштүрүү | Сентябрь | План түзүү боюнча талкуу жүргүзүү<br><br>МС иш-планы бекитилет | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалим |
| 2. | 1.23- сентябрь -Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу иш-чара (китеп көргөзмөсү, флешмоб , дубал газета, көркөм окуу, дилбаян, сармерден) өткөрүү<br><br>2.Кыргыз тили декадасы<br><br>3. Ачык тарбия саат «Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун» 5-класс | Сентябрь<br><br>Сентябрь<br><br>Сентябрь | План түзүлүп, иш-чара өтүлөт<br><br>План түзүлүп, иш-чара өтүлот<br><br>Көргөзмөлүү ачык сабак | Бирикменин мүчөлөрү Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер<br><br>Ж.С.Канкулуева |
| 3. | 1.«Ырдайлы кыргыз ырларын» фесиваль. Сүрөт жана кол өнөрчүлүк көргөзмөсү<br><br>2. «Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымым» 9-11-класстар арасында тегерек стол, сабак-викторина | Октябрь<br><br>Октябрь | Сынак, көргөзмө уюштуруу<br><br>Тилибизди аздектеп, мурасыбызды сактоого умтулуу | Предметтик мугалимдер<br><br>Предметтик мугалимдер |
| 4. | 1. 2-кеңешме<br>1-чейректин жыйынтыгы. Мониторинг түзүү | Ноябрь | Талкуу жүргүзүү | Бирикменеин мүчөлөрү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 2. Мамлекеттик тил күнүнө карата уюшулган 1 айлыкты анализдөө<br><br>3. Мектеп аралык олимпиада | Ноябрь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Райондук олимпиадага даярдоо | Бирикменин мүчөлөрү<br><br>Предметтик мугалимдер |
| 1 | 1. Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата «Өткөндү эстеп,келечекти күтө билгендигибиз үчүн бир барбыз» деген ураандын алдында көркөм окуу сынагы ( чыгармаларынан үзүндү) | Декабрь | Көркөм окуу сынагы | Предметтик мугалимдер |
| 1. | 1.УБ нын кеңешмесинин отуруму; 2-чейректе өткөрүлгөн иш-чараларды анализдөө | Январь | Талкулоо | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 1. Кыргыз тили жана адабияты , орус тили, англис тили сабактарына катышуу | Февраль | | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 2. Орус тилинин, англис тилинин декадасы | февраль | Иш-чара өткөрүү | Предметтик мугалимдер |
| | 3.Ачык сабак 8- класс | | Көргөзмөлүү ачык сабак | Ж.Жапарова |
| | 4.21-февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» сынагы | февраль | Сынак өткөрүү | Предметтик мугалимдер |
| | Ачык сабак 5-класс орус тили | Март | Көргөзмөлүү ачык сабак | Н.Тулебердиева |
| | Ачык сабак кыргыз адабияты 10-класс А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы | Март | Көргөзмөлүү ачык сабак | Ж.С.Канкулуева |
| 1 | 1. 3- чейректин жыйынтыгы | Апрель | Талкуу жүргүзүү | Бирикменин мүчөлөрү |
| | 2. 21-февраль- Эне тил күнүнө анализ | Апрель | Талкуу жүргүзүү | |
| | 2. Ачык саатарга анализ | Апрель | Талкуу жүргүзүү | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1<br><br>1. | 1. Көнүктүрүүчү сынак өткөрүү<br><br>2. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>3. 4- чейректин жыйынтыгы<br><br>4. 2021-2022- окуу жылындагы аткарылган иштердин анализи | Май<br><br>Май<br><br>Июнь<br><br>Июнь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Экзаменге даярдоо<br><br>Талкуу жүргүзүү | Предметтик мугалимдер<br><br>Бирикменин мүчөлөрү |

УБ жетекчиси: Абсалбек кызы Алина

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 1. 21-февраль- Эне тил күнүнө анализ<br><br>2. Ачык саатарга анализ | апрель | Талкуу жүргүзүү | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1<br><br>1. | 1. 4- чейректин жыйынтыгы<br><br>2. Мамлекеттик экзаменге карата даярдык<br><br>3. Жыл бою иштелген иштердин жыйынтыгы | Май<br><br>июнь | Талкуу жүргүзүү<br><br>Экзаменге даярдоо | Предметтик мугалимдер |

УБ жетекчиси: Н.К. Умарбаева

**Болот Бейшеналиев атындагы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылында түзүлгөн иш-пландын негизинде аткарылган иштери боюнча бир жылдык анализ -отчету**

Окуу жылынын башында Усулдук Кеңешменин жыйыны болуп, анда бир жылдык өндүрүш план иштелип чыгып, бекитилген. Жыл ичинде пландын негизинде бир катар иштер аткарылды. Өтүлгөн иштерге маалымдама жазылып, папкага салынды.

Сентябрдын 5-15не чейин старттык иштер алынып, жыйытыгына анализдер жазылды.

Мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата Кемин райондук билим берүү бөлүмү тарабынан келген буйруктун бир айлыгы жарыяланган. Буйруктун негизинде иш –чаранын планы иштелип чыгып, бекитилди жана төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү.

2021-жылдын 23-сентябрында «Эли болбой,тил болбойт» аттуу мамлекеттик тил күнүнө арналган салтанаттуу аземи өтүлдү. Азем Кыргыз Республикасынын гимни жана тил гимнинин жаңыруусу менен ачылды. Иш-чарада ата-бабабыздан келе жаткан мурастар тууралуу маалымат алуу менен эне тилди сүйүү, сактоо максаты коюлган. Окуучулар тилдин тарыхы боюнча түшүнүк алышты. Андан соң окуучулар көркөм окуу, макал-ылакаптар, ыр-бийлерди эң жакшы, уюшкандыкта өткөрүштү. Көркөм окуу боюча сынакта 7-класстын окуучусу Өскөнбаева Адинай, 8-класстан Саморбекова Аделина, 9- класстан Доктурбекова Тунук, 10-класстан Исманалиев Адил ырларды көрктүү жана таасирдүү айтып беришти.

«Тилим барда улутмун, тилим менен улукмун» ачык тарбия саатты 5- класска кыргыз тили жана адабияты мугалими Ж.С.Канкулуева өтүп берди. Сабакта балдар эне тилинин баалуулугу тууралуу маалымат алып, слайд көргөзүлдү, акыйнек, тил жөнүндө ырларды айтышып, эне тилге болгон сезимдерин билдирип, активдүүлүктөрүн көргөзүштү.

«Тил күнүнө карата мамлекеттик тилди өркүндөтүүгө» чакырык таштаган флешмоб 29-сентябрда 9-11-класстар арасында болду. «Мамлекеттик тилдин келечеги – жаштарда» аттуу дил баянды жазууда 8- класстын окуучусу Б.Рахманов, 10-класстын окуучулары А.Абышова, М.Картаңбаевалар ойлорун эркин,кенен жана мазмундуу бере алган. Дубал газеталарды, реферат жазууда 10-класстын, 9-класстын, 8- класстын окуучулары, ал эми буклетти 5-7-класстын окуучулары аткарышты.

«Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан» кыргыз элини каада-салттарын 10-класстын окуучулары «Баланы бешикке салуу»,7- класстын окуучулары «Тушоо кесүү» салттарын чагылдырышты.Мектептин фойесинде «Тил биримдиктин тиреги» китеп көргөзмөсүн китепканачы Н.Алымкулова уюштурду. «Ырдайлы кыргыз ырларын» фестивалы 11- октябрда болуп, 3-класстын окуучусу Эсенбеков Нуржанат «Кыргызымдын жигиттери», 5- класстын окуучусу Өскөнбаева Арууке, 7-класстан Токсонов Идин «Кыргызстан» обондуу ырларын шаңдуу тартуулашты.

Викторинага 9-10- класстын окуучулары катышып, суроолорго так,туура жооп берген 10-класстан Адис Рысбеков болду.

14- октябрда «Кыздар-балдар сармерден» таймашы жогорку денгээлде өттү. Самерден тобун 5-6-7-класстын окуучуларынын кыздары жана балдары эки топко бөлүштү. Сынактын жүрүшүндө залдын ичине эки канат боз үйдүн керегеси коюлуп, улуттук буюмдар менен жасалгаланды. Балдар, кыздардын алып баруучулары алгач калыстар тобун шайлап алышты.Андан соң саламдашуу, санат-насыят, табышмактар,макал-ылакап, жаңылмач, ыр-бийлер менен өнөрлөрүн көргөзүштү. Жыйынтыгында шайланган калыстар тобу ким жеңди, ким жеңилгенин таразалап, упайларын санап, «29-30» менен кыздар тарабына упайлар ооп кетти.

Бир айлык иш-чаранын жыйынтыгында активдүү катышкан окуучулар кызыктыруучу белектер менен сыйланышты.

Өтүлгөн иштерге маалымдама жазылып,райондук билим берүү бөлүмүнө

тапшырылды.

Ноябрь айында бирикме мүчөлөрүнүн экинчи отуруму болуп, 1- чейректин билим сапаттарынын жыйынтыгы, аткарылган иштер боюнча анализ, талкуу жүргүзүлдү.

Мектеп ичинде олимпиада 3-11-класстар арасында өтүлдү. 3-7-класстардын тапшырмалары предметтик мугалимдер тарабынан даярдалган. Ал эми 8-11-класстын тапшырмалары райондук билим берүү бөлүмүнөн келди. 26- ноябрда кыргыз тили, орус тили, чет тили сабактарынан болду. Жыйынтыгы чыгарылып, эң жакшы орун алган окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышты.

Алар: 9- класстын окуучусу Доктурбекова Тунук -кыргыз тилинен
11-класстын окуучусу Аскаров Нурдин –кыргыз тили
10-класс окуучусу Исманалиев Адил - орус тили
10-класстын окуучусу Сагынбек кызы Гүлзина – орус тили
10-класстын окуучусу Картаңбаева Мадина – англис тили

Райондук олимпиадага катышып, жыйынтыгында кыргыз тилинен 9- класстын окуучусу Доктурбекова Тунук 1-орунга ээ болуп, Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак грамотасы менен сыйланды.

12-декабрь- Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата «Өткөндү эстеп, келечекти күтө билгендигибиз үчүн биз барбыз» деген ураандын алдында көркөм окуу сынагы болуп өттү. Анда чыгармаларынан үзүндү аткарууда 9-класстын окуучусу Доктурбеков Буйрук «Саманчынын жолу» повестинен Майсалбектин катын мыкты чеберчиликте чагылдырды. Ошону менен бирге адабият күнү да белгиленип, жазуучулардын чыгармаларынан узүндүлөр сахналаштырылды. Дубал газета, реферат, буклеттер коюлган бурч уюшулду.

Орус тили жана англис тилинин декадалары февралда жарыяланды.

31-январдан-04-февралга чейин орус тилинин декадасы болуп, анда слайд көргөзүлүп, фразеологизмдин парады, макалдар, жаңылмачтар, көркөм окуу, викториналар жана 9-10-класстыр арасында КВН сынагы орус тилчилер тарабынан уюшулган. Көркөм окуу боюнча активдүүлүктөрүн көргөзгөн окуучулар: 5- класстан Өскөнбаева А.,Касымкулов Э., Төлөбекова А., 6- класстан Тынайбекова М.,Тыныбекова П..

И.А Крыловдун театрлаштырылган «Щука и кто» тамсилинен үзүндүнү 9-класстын окуучулары Доктурбеков Буйрук жана Доктурбекова Тунук абдан таасирдүү, көркөм аткарышты. Иш-чара «Зимушка-зима» чакан концерти менен аяктап, жыйынтыгында жогорудагы окуучулар мектеп грамоталарына татыктуу болушту.

Англис тилинин декадасы 14-21-февралда өтүлдү. Анда кроссворд, викторина, «Valentine s Day» конкурстарына окуучулар катышып, берилген тапшырмаларды өз убагында туура аткаргандарга белектер ыйгарылды.

Орус тили жана адабияты мугалими Ж.Жапарова 8-класстарга «Обстоятельства места», «Обстоятельства времени» көргөзмөлүү ачык сабагын өттү.

21- февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнү» сынагында кыргыз, орус ,англис, корей, япон,түрк, казак, уйгур тилдеринде ар бир класстарга куттуктоо сөзөрү, ырлар, бийлер бөлүнүп берилген. Бардык класстар тапшырмаларды аткарып, анын ичинен эң жакшы корей бийи менен 3-класстын окуучулары биринчиликти алышты.

Март айында орус тили жана адабияты мугалими Н.Дж.Тулебердиева 5- класстарга орус тилден ачык сабакта балдар сүрөт менен иштеди, тексти талдап, сабак кызыктуу, жогорку деңгээлде өттү.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими Ж.С.Канкулуева 10-класстарга кыргыз адабиятынан А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын өтүп берди. Поэмадагы каармандарга балдар таасирленип, сынчыл ой жүгүртүп, баа беришти.Сабакка катышкан мугалимдер ойлорун айтып, маалымдама жазылды.

Абсалбек кызы Алина май айында 4- класстарга «Do you like dancing» деген темада англис тилинен ачык сабакты карточкалар менен, түстүү сүрөттөр менен көргөзмөлүү өтүп, сабак максатына жетти.

Апрель айында 21- февраль «Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө» , ачык сабактарга анализ берилип, талкуу жүргүзүлдү.

Мамлекеттик экзаменге карата көнүктүрүүчү экзамендер 16-17-18-майда жазуу иштери жана тесттер алынды.

Предметтик мугалимдер 3-чейректин,4-чейректин, жылдык жыйынтыктары боюнча ойлорун ортого салып, сунушатарын айтып, такуулашты.

Болот Бейшеналиев атындагы Калмак-Ашуу орто мектебинин тил усулдук бирикмесинин жылдык жыйынтыгынын билим сапаты төмөндөгүдөй болду:

| № | Классы | Предметтердин билим сапаты % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз тили | Кыргыз адабияты | Орус тили | Орус адабияты | Англис тили |
| 1 | 2 | | | 72 | | |
| 2 | 3 | | | 100 | | 88 |
| 3 | 4 | | | 66 | | 66 |
| 4 | 5 | 86 | 100 | 71 | 71 | 85 |
| 5 | 6 | 75 | 88 | 50 | 50 | 50 |
| 6 | 7 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| 7 | 8 | 88 | 100 | 87,5 | 100 | 75 |
| 8 | 9 | 75 | 100 | 50 | 50 | 50 |
| 9 | 10 | 90 | 90 | 80 | 80 | 80 |
| 10 | 11 | 50 | 50 | 100 | 100 | 50 |

Мамлекеттик экзаменге даярдыктар жүргүзүлүп, окуучулар ийгиликтүү тапшырып алышты.

2021-2022- окуу жылында план боюнча түзүлгөн иштердин баардыгы так, даана аткарылды.

Сунуш:

1. Заманбап билим берүү технологиясын өздөштүрүү, мугалимдердин кесиптик компетенциясын өнүктүрүү.
2. Окуучулардын билимин баалоодо критерийлерин туура колдонуу.

УБ нин жетекчиси: Абсалбек кызы Алина